КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

МАТЕМАТИКА, ФИЗИКА, ТЕХНИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ

МАТЕМАТИКАНЫ, ИНФОРМАТИКАНЫ ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ МЕНЕЖМЕНТИ КАФЕДРАСЫ

# ОКУУ ПРОГРАММАСЫ (Syllabus)

| Адистик (багыт) | Математика, информатика | Курстун коду | |
|---|---|---|---|
| Окутуу тили | Кыргыз | Дисциплина | Информатика сабагында Moodle билим берүү чөйрөсүнүн куралдарын ишке ашыруу |
| Окуу жылы | 2025-2026-ж. | Кредит саны | 3 |
| Окутуучу | Исаева Аида Таалаевна | Семестр | 4 |
| E-Mail | isaeva.aida.taalaevna@gmail.com | Жадыбалдын шилтемеси | https://myedu.oshsu.kg/ |
| Консультациялар (убакыт/ауд.) | Жума, 233-кабинет, убакыт: 9:00-12:00 | Орду (имарат/аудитория) | ОшМУ башкы корпус, 236-каб https://classroom.google.com/c/ODQwOTUzMjYxMzc4?hl=ru&cjc=lc73updu |
| Окутуу формасы (күндүзгү/сырттан/ кечки/дистанциялык) | Күндүзгү | Курстун түрү: (милдеттүү/ элективдүү) | Элективдүү |

МИОТжББМ кафедрасынын жыйынында бекитилген, №6 протокол, 24.01.2026

Билим берүү программасынын жетекчиси

_____________ Келдибекова А. О., пед. илим. док., профессор
колу

Ош, 2026

**Курска мүнөздөмө.** Бул дисциплина дистанциялык жана аралаш окутуунун заманбап платформасы – Moodle системасынын мүмкүнчүлүктөрүн терең үйрөнүүгө, анын куралдарын информатика сабактарынын контентин түзүү, окутуу процессин уюштуруу, окуучулардын ишин баалоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн натыйжалуу колдонууга багытталган. Курстун жүрүшүндө студенттер Moodle'дин негизги ресурстары менен элементтерин өздөштүрүп, мектеп информатикасынын темасы боюнча толук окуу курсу-модулун түзүү жана башкаруу боюнча практикалык көндүмдөргө ээ болушат.

**Курстун максаты.** Курстун максаты НББПнын экинчи максатынан келип чыгат:

Математика жана информатика профили боюнча физика-математикалык билим берүү багытындагы, кесиптик ишмердүүлүгүндө заманбап билим берүү технологияларын натыйжалуу колдонууга жөндөмдүү болгон бакалаврды комплекстүү жана сапаттуу даярдоо.

✓ Мектеп информатикасы мугалимдерин Moodle ББЧнин мүмкүнчүлүктөрүн терең билген, анын куралдарын предметтик контентти түзүү, окутууну уюштуруу жана натыйжалуу баалоо үчүн практикалык колдоно билүүчү адистер катары даярдоо

**Пререквизиттер:** "Мектептин информатика курсундагы программалоо тилдери", "Информатика боюнча предметтик маселелерди чыгаруу".

**Со-реквизиттер:** "Информатиканы окутуунун методикасы".

## Дисциплинаны окутуунун натыйжасы

| **Курстун аягында студент ээ болот:** | | |
|---|---|---|
| НББП боюнча ОН (окутуунун натыйжасы) | Дисциплинанын ОНу | Компетенциялар |
| **ОН-10:** МББС жана предметтик стандарттарга таянуу менен, окутуунун заманбап технологиялары, методдору, формаларынын негизинде математика, информатика, физика боюнча сабактарды, класстан тышкарκы иш-чараларды долбоорлойт жана өткөрөт. | Moodle платформасынын административдик, окутуучулук жана окуучулук интерфейстерин, ошондой эле негизги блокторун жана режимдерин ажырата алат. Moodle'де информатиканын белгилүү бир темасына арналган окуу курсунун логикалык структурасын түзө алат жана анын параметрлерин орното алат. Курска ар кандай типтеги дидактикалык ресурстарды кошуп, теориялык материалдарды, мисалдарды жана тышкы булактарды жайгаштыра алат. | **КК-9.** Академиялык планга жана предметтин өзгөчөлүктөрүнө ылайык, заманбап талаптарга жооп берген окутуу процессин пландаштырып, аны заманбап техникалык каражаттар жана санариптик окутуу технологияларын колдонуу аркылуу ишке ашыра алат.<br>**КК-11.** Мектепте физикалык эксперименттерди уюштуруу жана өткөрүү ыкмаларын, усулдарын билет, окуучулардын эксперименталдык даярдыктарын жана жөндөмдөрүн өнүктүрөт. Математика, информатика, физика боюнча мектептик жана университеттик программалардагы маселелерди чечет жана окуучуларды мектептик программа боюнча маселелерди чечүүгө үйрөтөт.<br>**КК-13.** Математика жана информатиканы окутуу үчүн санариптик билим берүү ресурстарын (СБР), интерактивдүү окуу материалдарын жана куралдарын иштеп чыгууга жана колдонууга жөндөмдүү. |

## Дисциплинанын технологиялык картасы

| Дисц. (Кред.) | Ауд. | ОСӨАИ /СӨАИ | 2-модуль (25 б.) | | | | Экз. (50 б.) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | tср. | | (s) ОСӨАИ/ СӨАИ | (r) АТ | (E) ЖТ |
| | | | Лек. | Лаб. | | | |
| Moodle инф.(3кр) | 36 | 9/ 45 | 14 | 22 | 9/45 | | |
| Балл топтоо картасы | | | | 4 | 8 | 13 | |
| Модулдардын баллдарынын натыйжалары жана сынак | | | (M2=tср.+r+s) 50ке чейин | | | | 50 |
| | | | Rдоп. = M2 (30-50) | | | | |
| Жыйынтык баалоо | | | I = Rдоп. + E | | | | 100 |

## Лекциялык жана практикалык сабактардын календарлык-тематикалык планы

| № | Темалардын аталышы | Сааттардын саны | | Упай | Аптасы | Адаб. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Лек. 14 | Прак. 22 | | | |
| 1. | **№1 Практикалык иш.** Moodle чөйрөсү менен таанышуу жана жеке профил. | | 2 | 1 | / 1-апта | ЭР [2, 3], ЭК [1] |
| 2. | **№1 Лекция.** Moodle: Дистанциялык окутуунун педагогикалык платформасы.<br>**№2 Практикалык иш.** "Информатика 9-класс" курсунун каркасын түзүү.<br>**№3 Практикалык иш.** "Файл" жана "Папка" ресурстары аркылуу лекциялык материалды жайгаштыруу. | 2 | 4 | 1 | 2-апта/ 2-апта, 3-апта | ЭР [1, 5], ЭК [1]<br>ЭР [2, 3], ЭК [1]<br>ЭР [2], ЭК [1] |
| 3. | **№2 Лекция.** Окуу курсунун дидактикалык долбоору: Структура жана параметрлер.<br>**№4 Практикалык иш.** "Страница" ресурсу: Мультимедиалык сабак бетин түзүү.<br>**№5 Практикалык иш.** Автоматтык бааланууучу "Тест" элементин түзүү. | 2 | 4 | 1 | 4-апта/ 4-апта, 5-апта | ЭР [2, 4], ЭК [1, 4]<br>ЭР [2, 3], ЭК [1]<br>ЭР [2, 3], ЭК [1] |
| 4. | **№3 Лекция.** Moodle'деги дидактикалык ресурстар: Теорияны жеткирүүнүн куралдары.<br>**№6 Практикалык иш.** "Задание" элементин колдонуу: Программалоо тапшырмасы.<br>**№7 Практикалык иш.** "Форум" жана "Глоссарий": Коллаборация жана терминология. | 2 | 4 | 2 | 6-апта/ 6-апта, 7-апта | ЭР [2, 4], ЭК [1, 4]<br>ЭР [2], ЭК [1]<br>ЭР [2, 4], ЭК [1] |
| 5. | **№4 Лекция.** Интерактивдүү элементтер: Окуучуну иш-аракетке тартуу.<br>**№8 Практикалык иш.** Баалоо журналы менен иштөө жана отчетторду талдоо.<br>**№9 Практикалык иш.** "BigBlueButton": Онлайн консультация же сабак. | 2 | 4 | 1 | 8-апта/ 8-апта, 9-апта | ЭР [2, 4], ЭК [1, 4]<br>ЭР [2], ЭК [1]<br>ЭР [2, 4], ЭК [1] |
| 6. | **№5 Лекция.** Интерактивдүү элементтер: Окуучуну иш-аракетке тартуу.<br>**№10 Практикалык иш.** Курстун логикасы: Шарттуу жеткиликтүүлүк (Conditional Access). | 2 | 2 | 1 | 12-апта/ 13-апта | ЭР [2, 4], ЭК [1, 4]<br>ЭР [1, 5], ЭК [4] |
| 7. | **№6 Лекция.** Курстун мониторинги жана баалоо: Мугалимдин отчеттору.<br>**№11 Практикалык иш.** Акыркы курстун долбоорун корутундулоо: "Информатика" модулу. | 2 | 2 | 1 | 14-апта/ 15-апта | ЭР [2, 5], ЭК [1, 4]<br>ЭР [2, 3], ЭК [1, 4] |
| 8. | **№7 Лекция.** Moodle'ди окутуу стратегиясына интеграциялоо: Аралаш моделдер. | 2 | | | 16-апта | ЭР [1, 5], ЭК [4] |
| | **Баары** | **14** | **22** | **8** | | |

## ОСӨАИны уюштуруу планы (9саат)

| № | Тема | ОСӨАИ тап. түрү | Сааты | Баалоо каражаты | Балл Лек. / Лаб. | Адаб. | Мөөн. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Курстун дидактикалык долбоору | Мектеп информатикасынын бир темасы үчүн Moodle курсунун толук структуралык схемасын иштеп чыгуу (темалар, ресурстар, элементтер, баалоо). | 2 | Өз алдынча иштин текшерилиши, экспертиза | | ЭР [1, 5], ЭК [4] | 2.02-14.02 |
| 2. | Баалоо критерийлерин иштеп чыгуу | "Программалоо долбоорун тапшыруу" сыяктуу татаал тапшырма үчүн баалоо рубрикасын (критерийлерин) түзүү жана аны Moodle'дин "Задание" элементине киргизүү. | 2 | Практикалык аткаруу, текшерүү | 2 | ЭР [2, 4], ЭК [1, 4] | 16.02-28.02 |
| 3. | Финальдык долбоорду коргоо | Түзүлгөн Moodle курс долбоорун коргоо: 10-15 мүнөттүк презентация. Курстун максатын, куралдарын, күтүлгөн натыйжасын түшүндүрүү. | 2 | Презентация, суроо-жооп | | ЭР [4], ЭК [4] | 9.03-14.03 |
| 4. | Moodle'ди окутуу стратегиясына интеграциялоо | "Алгоритмдештирүү" темасын Moodle аркылуу кантип окутуу керектиги боюнча методологиялык эскертүү (сабактын этаптары: Moodle'деги даярдык, класстагы иш, үй тапшырмасы). | 2 | Аналитикалык отчет, талкуу | 3 | ЭР [1, 2], ЭК [4] | 30.03-4.04 |
| 5. | Платформанын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү | Moodle Mobile колдонмосун орнотуу жана сыноо. Moodle коомунан (же башка булактан) бир плагинди (мисалы, код редактору) тандап, анын колдонулушун талдоо. | 1 | Отчет, демонстрация | 3 | ЭР [2, 4], ЭК [1, 4] | 13.04-18.04 |
| | **Акыркы тапшыруу мөөнөтү** | | | | | **11.05-16.05** | |
| | **2-модуль ОСӨАИ2** | **Топтолгон баллдын орточосу** | | | **-/8** | | |

## СӨАИни уюштуруу планы (45 саат)

| № | Тема | СӨАИ тап. түрү | Сааты | Баалоо каражаты | Балл Лек. / Лаб. | Адаб. | Мөөн. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Moodle интерфейси жана негизги операциялар | 1.Moodle'ге кирүү, профилди толтуруу. Курстарды карап чыгуу. 2."Редактирлөө режимин" иштетүү, блоктор менен тажрыйба жүргүзүү. | 5 | Автоматташтырылган тест, практикалык тапшырма | 1 | ЭР [2, 4], ЭК [1, 4] | 2.02-14.02 |
| 2. | Ресурстарды түзүү | 1."Файл" жана "Папка" ресурстары аркылуу | 5 | Практикалык тапшырма, | 1 | ЭР [4], ЭК [2, 4] | 16.02-28.02 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | лекциялык материалдарды жайгаштыруу.<br>2."Страница" ресурсу менен текст, сүрөт, видео шилтемени камтыган веб-бет түзүү. | | Moodle'деги жасалган иштердин текшерилиши | | | |
| 3. | "Тест" элементин түзүү | 1. Ар кандай типтеги (көп тандоо, туура/жалган, кыска жооп) 5-7 суроодон турган тест түзүү.<br>2. Тесттин параметрлерин (убакыт, кайра аракет кылуу) орнотуу. | 5 | Автоматтык бааланган тестти аткаруу натыйжасы | 1 | ЭР [1, 2], ЭК [4] | 2.03-7.03 |
| 4. | "Задание" жана "Форум" элементтери | 1.Файл жүктөө талап кылынган практикалык "Задание" түзүү.<br>2.Дискуссия темасы менен "Форум" ачуу жана анда катышуу. | 5 | Тапшырманы өз убагында аткаруу, форумдагы посттор | 0.5 | ЭР [4, 5], ЭК [4] | 9.03-21.03 |
| 5. | Курстун логикасы жана баалоо | 1.Курста шарттуу жеткиликтүүлүктү орнотуу (мисалы, тесттен кийин гана тапшырма ачылат).<br>2. Баалоо журналы менен иштөө, өзүнүн "тапшырмасына" баа жана комментарий берүү (жуп иш). | 5 | Практикалык тапшырма, жуп менен өз ара баалоо | 0.5 | ЭР [1, 2], ЭК [3, 4] | 23.03-28.03 |
| 6. | "Лекция" жана "Глоссарий" элементтери | 1."Лекция" элементин түзүү: бир нече баракча жана аларга шарттуу өтүү орнотуу.<br>2.Курстун негизги терминдери үчүн "Глоссарий" түзүү. | 5 | Moodle'деги жасалган иштердин текшерилиши | 1 | ЭР [2, 4], ЭК [1] | 30.03-4.04 |
| 7. | "Семинар" (Workshop) элементи | 1."Семинар" элементин орнотуу: параметрлер, окуучулардын өз ара баалоосу.<br>2.Семинарга иш жүктөө жана өз ара баалоону жүргүзүү. | 5 | Практикалык аткаруу, өз ара баалоо процессине катышуу | 1 | ЭР [2, 4], ЭК [2, 4] | 6.04-18.04 |
| 8. | "BigBlueButton" жана отчеттор | 1."BigBlueButton" видеоконференция сессиясынын параметрлерин орнотуу жана ага кошулуу.<br>2.Курстун "Активдүүлүк отчетун" кароо жана талдоо. | 5 | Катышуу сертификаты, анализ отчету | 1 | ЭР [2, 4], ЭК [1, 3] | 20.04-25.04 |
| 9. | Курстун өнүктүрүү жана бөлүшүү | 1.Түзүлгөн курстун резервдик көчүрмөсүн (backup) алуу.<br>2.Курсту Moodle курстун | 5 | Экспорттолгон файлды тапшыруу, резервдик | 1 | ЭР [2], ЭК [4] | 11.05-16.05 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | форматында экспорттоо. | | көчүрмөнү текшерүү | | | |
| | **Акыркы тапшыруу мөөнөтү** | | | | | | **25.05-30.05** |
| | **2 модуль СӨАИ2** | **Топтолгон баллдын орточосу** | | **/8** | | | |

**Курстун саясаты:**

***Курсту өздөштүрүүгө коюлган негизги талаптар:***

- студент бардык түрдөгү аудиториялык сабактарга (лекцияларга жана практикалык сабактарга) жана СРСП боюнча пландаштырылган консультацияларга катышууга милдеттүү. Дискуссияларга активдүү катышуу, класста практикалык тапшырмаларды аткаруу жана командалык иш окуу процессинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.
- лекциялык сабактардын убагында студент окутуучуну тыңдоого, негизги түшүнүктөрдү жана тезистерди конспектке алууга тийиш, сабакты өткөрүүгө тоскоол болуучу сүйлөшүүлөрдү жана аракеттерди жол бербөөгө аракет кылат. Практика сабактарда өз тапшырмаларын аткаруу жана тапшыруу менен гана чектелбестен, курсташтарынын эмгегине сыйлоо менен мамиле кылуу маанилүү: алардын баяндамаларын тыңдоого, дискуссияга конструктивдүү катышууга, пайдалуу маалыматтарды жазууга милдеттүү.
- бардык түрдөгү өз алдынча иштер (СӨАИ, ОСӨАИ) белгиленген окутуучунун мөөнөтүндө тапшырылууга тийиш. Себепсиз мөөнөттөн өткөрүлгөн иштер баасы төмөндөтүлүп же толугу менен кабыл алынбашы мүмкүн.
- бардык жазылма иштер Moodle курстарынын долбоорлору студенттин өз алдынча интеллектуалдык эмгегинин натыйжасы болушу керек. Плагиаттын, көчүрмөчүлүктүн жана маалыматты өзгөртүүнүн кайсы гана түрү болбосун катуу тыюу салынат.
- жасалма интеллект (ЖИ) системаларын текст же курс структурасын генерациялоо үчүн колдонуу жардамчы курал катары гана уруксат берилет: анализ үчүн, идеяларды издөө же маалыматты структуралоо. ЖИни колдонуунун кайсы гана түрү болбосун иште ачык көрсөтүлүп, кандай максатта жана кантип колдонулганы түшүндүрүлүшү керек. ЖИ тарабынан толугу менен генерацияланган, студент тарабынан сынчыл түрдө чечмеленбеген же иштетилбеген текстти же курс долбоорун сунуш кылуу академиялык алдамчылык катары эсептелет.
- студент курс материалдарын өздөштүрүү үчүн жеке жоопкерчилик алат, анын ичинде сабактарды өткөрүп жиберген учурда темаларды өз алдынча үйрөнүү, түшүнбөгөн суроолорду консультацияларда өз убагында тактоо жана университеттин маалымат системасында өзүнүн жетишкендиктерин мониторинг жүргүзүү.

| **Окуу ресурстары** | |
|---|---|
| **Электрондук ресурстар** | 1. https://moodle.org/<br>2. https://docs.moodle.org/501/en/Main_page<br>3. https://stepik.org/lesson/381500/step/1?unit=368685<br>4. https://docs.moodle.org/archive/ru/%D0%A3%D1%87%D0%B8%D1%82%D0%B5%D0%BB%D1%8F%D0%BC<br>5. https://pro-sensys.com/info/articles/moodle/sistema-distantsionnogo-obucheniya-moodle/ |
| **Электрондук китептер** | 1. Абдирайимова Н.А., Өмүрбекова Г.К. "Moodle системасынын жардамында окуу курстарын түзүү" (2021)<br>2. А.М.Анисимов " РАБОТА в системе дистанционного обучения MOODLE Учебное пособие " (2008)<br>3. С.К. Иванова "Moodle для учителя-предметника" (2007)<br>4. Коллектив авторов под ред. И.В. Сидорова "Создание электронных курсов в Moodle 4" (2012) |
| **Практикалык ресурстар** | *Компьютерлер ноутбук/проектор интернет байланышы* |